СТУДЕНТТЕРДИН КООМДУК, МАДАНИЙ-АГАРТУУЧУЛУК ГЕЗИТИ

# Арабаев пресс

Окуу – түндө алдындагы шам чырак,
Билим алсаң маңдай ачык жаркырап
сөздүн автору: Ж.Баласагын

И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ КМУ

№005(05) / 29-МАЙ / 2019-ЖЫЛ

ЖЕЛБИРЕЙТ - БИЛИМ БАЙРАГЫ



ЖОЖду бүткөндө...

# АК ЖОЛ САГА, БҮТҮРҮҮЧҮ!

КМУНУН ИЛИМПОЗДОРУ ОШКО БАРЫШТЫ
2-бетте

“КИТЕПТИ ПЛАНШЕТКЕ АЛМАШТЫРУУ МҮМКҮН ЭМЕС”
6-бетте

МОСКОВСКИЕ СТУДЕНТЫ В БИШКЕКЕ
5-бетте

ЯПОНИЯГА БАРАМ ДЕСЕҢ, ЯПОН ТААНУУ ИНСТИТУТУНАН БИЛИМ АЛ!
4-бетте

## Абитуриенттерди кабыл алууга КМУ даяр, бир айдан соң кабыл алуу оноктүгүн баштайт!

Ошентип, 2019- жылдагы окуу жылы да жыйынтыкталуу алдында турат. И. Арабаев атындагы КМУ абитуриенттерди кабыл алууга толук даяр. Бир айдан соң кабыл алуу оноктүгүн баштайт. Эгер Сиз, абитуриент, заман талабына ылайык, татыктуу билим алам десеңиз, анда ойлонбой туруп И. Арабаев атындагы КМУнун босогосун аттаңыз. Сизге татыктуу билим берүүгө, келечектеги тандап алган кесибиңиздин татыктуу ээси кылып чыгарууга университет жамааты колдон келген аракетин көрөт!



## Эне тилдин 30 жылдыгына арналган чоң конференция КМУда отту

24- апрелде И. Арабаев атындагы КМУ менен Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы биргеликте эне-тилдин 30 жылдыгына арналган илимий чоң конференцияны университеттин Чыңгыз Айтматов атындагы жыйындар залында өткөрүштү. Ага кыргызга төбөсү көрүнгөн аттуу- баштуу инсандары катышып, тил боюнча жалындуу жакшы пикирлерин айтышты. Мисалы, коомдук жана мамлекеттик ишмерлер Медеткан Шеримкулов, Абдыганы Эркебаев, КМУнун ректору Төлөбек Абдырахманов, университеттин проректорлору, институт жетекчилери, факультет декандары менен бирге, Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Назаркул Ишекеев өзүнүн кызматкерлери менен чогу катышып, эне- тилинин мамлекеттик тил статусун алгандан берки 30 жылдык тарыхына кеңири токтолушту.

## И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУнун РЕКТОРУ ТӨЛӨБЕК АБДЫРАХМАНОВ АБЫЛОВИЧ!



**УРМАТТУУ БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР!**

Сиздерди И. Арабаев атындагы КМУнун профессордук-окутуучулар курамынын жана жалпы жамаатынын атынан университетибизди ийгиликтүү аяктап, жаңы турмуш жолуна аттанышыңыздар менен чын дилимден куттуктаймын. Сиздерге чын ден соолук каалаймын. Турмуш жолуңуздар байсалдуу болсун! Тандаган кесибиңиздердин татыктуу ээси болушуңуздарга тилектешмин. Алган билимиңиздердин үзүрүн көрүп, кыргыз мамлекетинин өнүгүшүнө өз салымыңыздарды кошосуздар деген терең ишенимдемин. Сиздерге таликпастан билимин берип, окутуп, жол көрсөткөн мугалим агай-эжелериңиздерге дагы ыраазычылык билдирем. Ак жол каалайм Сиздерге!




## КМУнун эки студенти сынакта биринчи орунду алышты

И. Арабаев атындагы КМУнун эки студенти, тактап айтканда Сатылганова Алтынай менен, Исманжан кызы Бегимай Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы жүргүзгөн студенттер арасында өткөн жат жазуу боюнча сынакта биринчи орунду алышты. Сынакка Республика боюнча 1000 ден ашык студент катышкан. Биринчи орун беш студентке берилип, анын экөөнү КМУнун билимдүү студент кыздары жеңип алышканы кубандырбай койбойт.

Эки студент кызыбыздын бири Сатылганова Алтынай Лингвистика институтунун биринчи курсунда билим алса, экинчиси Исманжан кызы Бегимай География жана экология туризм факультетинин 1- курсунун студенти. Жат жазууну бешке жаздырып, сынакка даярдаган тилчи эжелери, КМУнун ардактуу окутуучулары Иманакунова Күлнур Шеримбековна менен Черикчиева Гүлмира Меймановнага да ыраазычылык билдирип коюбуз шарт!




## И. Арабаев атындагы КМУ менен Кыргыз билим берүү академиясы биргеликте облустарда семинар өткөрүштү

13-15-май күндөрү И. Арабаев атындагы КМУ менен Кыргызстандагы Кыргыз билим берүү Академиясынын кызматкерлери биргеликте эки күндүк иш сапар менен Нарын жана Ысык-Көл облустарына барып, райондук мектеп директорлору, мугалимдери менен жолугуп, окуу методикасын жакшыртуу боюнча семинар өткөрүп келишти. Мындай маанилүү семинар мындан ары да жыл сайын аталган семинар олконун район-аймактарында өтө тургандыгын эсиңиздерге сала кетели.

## Профессор КГУ имени И.Арабаева принял участие в международной конференции

16 по 18 мая 2019 года в МГУ имени М.В.Ломоносова на факультете государственного управления «School of public administration) прошла XVII международная конференция «Государственная управление: Россия в глобальной политике».

В дискуссии принимали участие ученые, представители Федерального собрания, общественные деятели, представители зарубежных научных центров и университетов.

Профессор КГУ имени И.Арабаева Досаалы Иманбердиев выступил с докладом «Неопределенность Конституционного статуса Президента КР как предпосылка роста коррупции в стране» в секции «Институты государственного и муниципального управления: актуальная российская практика и мировые тенденции». Этот круглый стол вел заведующий кафедрой теории и методологии государственного и муниципального управления ФГУ МГУ имени М.В.Ломоносова, советник президента РФ, академик РАН С.Ю.Глазьев.

Также с докладами выступил д.и.н., зав.кафедрой Международных организаций и проблем глобального управления МГУ и ведущий программу «Большая игра» на первом канале ОРТ в России В.А.Никоновым «Публичная дипломатия и стратегические коммуникации России: проблемы и перспективы».





## Биофактын деканы Урал университетинен келген өкүлдү кабыл алды

Биология жана химия факультетинин деканы Маматкан Чоров Урал мамлекеттик университетинен келген доктор Виктория Почегунду кабыл алды. Жолугушууда билим берүү, адис даярдоо боюнча сүйлөшүштү. Ошондой эле Урал университетинен келген агартуучу университеттеги география, экология жана туризм факультетинин айрым илимий кызматкерлери менен да кезикти.

## КМУда Кыргызстан менен Германиянын кызматташтыгына арналган съезд өттү

26- апрелде КМУда немец тилчи мугалимдеринин кезектеги съезди болду. Ага Кыргызстандын булуң- бурчунан келген 250 дөн ашуун мугалим катышты. Конференция методикалык секцияларга бөлүнүп, ар бир секцияга 30 дан кем эмес мугалим катышты. Иш чараны уюштурган Кыргызстандагы тилчилер уюмунун жетекчиси Замира Мамбетова съезд Кыргызстанда он үчүнчү жолу өткөрүлүп жатканын, максаты Кыргызстан менен Германиянын эки тараптуу алака, карым-катнашын чыңдоо үчүн уюшулганына токтолду.





## Университеттин жамааты аккредитациядан ийгиликтүү өтүштү!

29-30-апрель күндөрү И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин башкы корпусунда аккредитациялык иш болуп өттү. Бир аз мүчүлүштүктөрдү эске алуу менен жалпысынан аталган аккредитациялык иш жакшы өттү десек жаңылбайбыз. Жыйынтыгында окуу жайда эмгектенген мугалимдерге, илимий кызматкерлерге агенттиктин жана ректораттын атынан биргеликте даярдалган сертификат тапшырылды. Эске сала кетсек, буга чейин КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин демилгеси менен көз карандысыз аккредитация жана рейтинг агенттиги түзүлгөн болчу. Аталган агенттикке 2020- жылга чейин Кыргызстандагы жогорку окуу жайларын аккредитациядан өткөрүү иши милдеттендирилген…



## КМУнун илимпоздору Ошко барышты

Айчүрөк Калдыбаева баштаган педагогика кафедрасынын профессордук-педагогикалык курамынан турган 13 киши ректор Т.А. Абдырахмановдун колдоосу менен Ош облусуна барып, Ош гуманитардык-педагогикалык институтунда өткөрүлгөн педагогикалык форумга катышып, илимий доклаңдарды жасап келишкен. Ошондой эле КМУдан барган өкүлдөр Кыргыз-Өзбек университети менен да таанышып, жетекчилиги менен кезигишкен.




## Физика- математика факультетиндеги иш-чаралардан

Апрель, май айларында университеттин физика-математикалык билим берүү жана маалыматтык технологиялар факультети илимий иш чараларды көп өткөрдү. 12- апрель космонавт күнүнө арнап окуу жайдын Чыңгыз Айтматов атындагы жыйындар залында илимий маанидеги чоң конференция өткөрсө, 17- майда башкы корпустун ошол эле жыйындар залында профессор Ракым Усубакуновдун 90 жылдык маарекесине арналган «Табигый математикалык багыттагы предметтерди окутууга компетенттүү мамиле» деген аталыштагы эскерүү иш чарасын уюштурушту. Ага проректор Төлөбек Абдырахманов, окуу иштери боюнча биринчи про ректор Тууганбай Конурбаев баштаган белгилүү окумуштуулар катышып, профессор Р.Усубакуновдун адамдык сапатын, ийгиликтерин айтып эскеришти. Көп өтпөй эле 22- май күнү аталган факультеттин жамааты -2-3 -курстардын студенттеринин педагогикалык практикасын жыйынтыктоочу кеңешмеге чогулушту.

Педагогикалык практикаларын студенттер Бишкек шаарындагы орто мектептерде ийгиликтүү өтөп, мугалимдердин жогорку баасына ээ болушкан. Практиканын биринчи жумасында мектеп, класс, класс жетекчи, окуучулар менен таанышып, окуучулар менен тарбиялык иштерди уюштурушкан. Педагогикалык тажрыйбанын жыйынтыгында жогорку курстун студенттери педагогикалык тажрыйбанын күндөлүгү



тиркелген отчёту, фотоотчетторду, зачёттук сабактын же класстан тышкаркы иштердин конспектисин, окуу колдонмолорун тапшырышкан. 18-20-май күндөрү педагогикалык тажрыйбанын жыйынтыгы менен мектептерде мугалимдер, окуу бөлүм башчылар, директор, методисттер, педагогика, психология кафедраларынын өкүлдөрүнүн катышуусундагы жыйын өтүп, студенттерге берилген баанын негизинде талкуу жүрдү. Анда мектептин практикантка берген мүнөздөмөсүн эсепке алуу менен ар бир практикантка коюлган баа, педагогикалык тажрыйбанын учурдагы студенттин иши, ошону менен катар практика учурунда жаралган кыйынчылыктар жөнүндө кеңири сөз болду.



## Балдарыбыз аман-эсен болсун!

1 - Июнь бардарды коргоонун эл аралык күнү 1949-жылы БУУнун атайын сессиясында кабыл алынып, 1950-жылдан тарта майрам катары белгилене баштаган. Ар бир майрамдын өзүнүн жаралуу тарыхы, себеби болгондой эле, балдарды коргоо майрамынын пайда болушунун өзүнүн себеби бар. Анткени жогоруда белгиленген жылдарга чейин эл аралык аренада балдардын укугун коргоо, балдар күнүн белгилөө маселеси күн тартибине коюлуп,актуалдуу маселе катары айтылып келген. Көп өтпөй балдардын укугун коргоо боюнча иш аракеттер активдүү жүрүп, 1- июнь балдарды коргоонун эл аралык күнү катары эсептелген. Балдарга көңүл буруу, балдардын укугун коргоо иштери өзгөчө советтик доордо жакшы жолго коюлган. Эске сала кетсек, 1- июнь жыл наамада кызыл күн катары эсептенилбейт. Учурдан пайдаланып И. Арабаев атындагы КМУда эмгектенген жалпы кесиптеш, агай- эжелерди 1- июнь балдарды коргоонун эл аралык күнү менен куттуктайбыз. Уул- кыздарыңыздардын жыргалын көрүп, узак жашаңыздар!



## Балбан студент биринчини багынтты!

И. Арабаев атындагы КМУнун Чыгыш тануу жана Эл аралык мамилелер факультетинин 1- курсунун студенти Шүкүров Толубай Казакстан Республикасынын Костонай облусунда өткөн эркин күрөш боюнча эл аралык мелдеште биринчи орунду багынткан. Билеги күчтүү балбан студентибизге баракелде демекчибиз!



## КМУда белгилүү педагог Магрифа Рахимова эскерилди

15-майда И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин М.Р.Рахимова атындагы Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтунда Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, педагогика илимдеринин доктору, профессор, Орусиянын педагогикалык жана социалдык илимдер академиясынын анык мүчөсү Рахимова Магрифа Рахимовнанын 90 жылдыгына жана М.Р.Рахимова атындагы Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтунун түзүлгөндүгүнүн 20 жылдыгына арналган «Ааламдашуу процесстеринин шартында билим берүү системасын модернизациялоо» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция жогорку деңгээлде болуп өттү.

Конференцияга республиканын жакынкы жана чет өлкөлөрдөн келген билим берүү жаатындагы илимий тармактын көрүнүктүү өкүлдөрү, ЖОЖдордун профессордук-окутуучулар курамдарынын, орто мектептеринин, балдар бакчаларынын өкүлдөрү, докторанттар жана аспиранттар катышты. Иш чарага катышкандар М.Р.Рахимованын жаркын элесине арналган китеп көргөзмөсүнө да күбө болушту.

## Маанилүү келишимдерге кол коюу учурунан...

27- марттагы Россия президентти Владимир Путиндин Кыргызстанга болгон расмий иш сапарында Россиянын бир катар ЖОЖдорунун ректорлору да Бишкекке келген. Эки мамлекеттин ЖОЖдору аралык эки тараптуу чоң жолугушууда бир катар маанилүү келишимдерге кол коюлган. Ал маанилүү жолугушууда университетибиздин ректору, профессор Төлөбек Абылович Абдырахманов дагы Россиялык айрым ЖОЖдордун ректорлору менен кызматташтык тууралуу маанилүү келишимдерге кол коюшканын айта кетүүбүз зарыл. Андан кийин, ошондой эле Корея мамлекетинен, Германиядан келген өкүлдөрдү да ректор кабыл алып, университеттер аралык алаканы бекемдөө боюнча маанилүү сүйлөшүүлөр болгонун эсиңиздерге сала кетели.



АТ ЖАЛЫНДА...

*Жээнбек Абдиев, И. Арабаев атындагы КМУнун Маркетинг кызматынын жетекчиси:*

# “БЫЙЫЛ УНИВЕРСИТЕТКЕ 1500 ГӨ ЖАКЫН МЕКТЕП БҮТҮРҮҮЧҮСҮ КЕЛИП ТААНЫШЫП КЕТТИ”



**- Жээнбек Сейталиевич, И. Арабаев атындагы КМУда канча жылдан бери иштеп келе жатасыз?**

- И. Арабаев атындагы КМУда 2004- жылдан бери иштеп келе жатам. Мурда Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу факультетинде мугалим болуп иштечүмүн. И. Арабаев атындагы КМУга Тарых илимдеринин доктору, профессор, бейиши болгур, раматылык Бектемир Жумабаевдин чакыруусу менен келип иштеп калгам. Бектемир экөөбүз жакшы дос элек. Бектемир ал кезде И. Арабаев атындагы КМУнун азыркы Чыгыш таануу жана Эл аралык мамилелер факультети Чыгыш тилдери жана маданияты институту деп аталчу, ошол институтта декан болуп иштечү. Ал мени: “Бизде региондордун тарыхы деген аталыштагы сабак бар, орус тилинде дарс оку” деп алып келген.

*Ошентип эки университетте иштеп жүрдүм. 2010-жылы КМУнун "Чыгыш тилдери жана маданияты" институтуна декандын орун басары болгом. Көп өтпөй эле университетте Маркетинг кызматы боюнча бөлүм ачылып, ректор Төлөбек Абыловичтин сунушу менен Маркетинг бөлүмүнүн жетекчиси болуп бекигем. Ошондон бери аталган Маркетинг бөлүмүн жетектеп келем.*

**- Маркетинг жетекчиси эмне иш кыласыз?**

- Мен жетектеген кызматтын максаты студенттерди кабыл алуу, алардын түзүмүн түзүү, окууну аяктаган бүтүрүүчү студенттердин иш менен камсыз болушун көзөмөлдөө боюнча иш алып баруу ж.б. И. Арабаев атындагы КМУ педагогикалык багыттагы окуу жай болгондуктан, өзгөчө көңүлдү педагогикалык кадрларга бурабыз. Жыл сайын ар бир факультеттин жардамы менен профеорентациялык иштерди жүргүзөбүз. Студенттердин келип тапшыргандан баштап, окууну бүтүп, ишке орношконуна чейин көзөмөлдөп турабыз. Кыскасы ушундай иштерди аткарабыз.

**- Быйылкы абитуриенттерди кабыл алуу ишине болгон даярдыгыңыздар кандай?**

- Кабыл алууга биз күз айынан баштап эле даярдык көрө баштайбыз. Факультеттер өздөрүнүн таанышытыруучу брошюра, буклеттерин чыгарышат. Жаз айында факультеттер чогулуп ачык эшиктер күнүн өткөрүшөт. Тээ кыштан бери университетибизге 1500 гө жакын мектеп окуучусу келип мугалимдер менен, студенттер менен жолугушуп, университет менен таанышып кетишти. Жакында эле окуу жайыбызга Ош, Жалал-Абад облустарынан бүтүрүүчүлөр келип кетишти. Окуучуларды алып келүүдө бизге жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү, ошол эле райондук кеңештин депутаттары, мектеп директорлору ж.б. жардам берип жатышат. Жакында башталa турган абитуриенттерди кабыл алуу ишине даярдыгыбыз жакшы. Кабыл алуу өнөктүгүн бир айдан соң баштайбыз.

**МИРЛАН АЛЫМБАЕВ**

# Японияга барам десең, Япон таануу институтунан билим ал!

И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНЕ ЯПОН ТААНУУ ИНСТИТУТУ ҮЧ ЖЫЛ МУРДА АЧЫЛГАН. ИНСТИТУТТУН МАКСАТЫ КЫРГЫЗ ЖАШТАРЫНА ЯПОН ТИЛИН ҮЙРӨТҮҮ ЖАНА ЖАШТАРДЫН ЯПОНИЯ МАМЛЕКЕТИНЕ БАРЫП ИШТЕП КЕЛҮҮСҮНӨ МҮМКҮНЧҮЛҮК ТҮЗҮҮ. ИНСТИТУТТА ОКУГАН СТУДЕНТТЕР 4 ЖЫЛДЫК БИЛИМ АЛУУ АРАЛЫГЫНДА ЯПОН МАМЛЕКЕТИНЕ ЭКИ ЖОЛУ БАРЫП КЕЛЕ АЛЫШАТ. БИРИНЧИСИ, 1- КУРСТУ АЯКТАГАНДА, ТАКТАП АЙТКАНДА БИР ЖЫЛДЫК ОКУУДАН КИЙИНКИ ӨНДҮРҮШТҮК ПРАКТИКАЛАРЫН ЯПОН МАМЛЕКЕТИНДЕ ӨТӨП КЕЛИШЕТ. ЭКИНЧИСИ, 3-КУРСТУ БҮТКӨНДӨ БАРЫП ПРАКТИКА ӨТӨШӨТ. СТУДЕНТТЕРДИН АТАЛГАН ӨЛКӨГӨ БАРЫП ПРАКТИКА ӨТӨӨСҮНӨ КЕТКЕН КАРЖЫЛЫК ЧЫГЫМДЫ ТОЛУГУ МЕНЕН (ЯПОН ӨЛКӨСҮ) ЯПОН КОМПАНИЯЛАРЫ ТӨЛӨП БЕРЕТ. АЗ КҮН МУРУН ЭЛЕ УНИВЕРСИТЕТКЕ ЯПОН ТААНУУ ИНСТИТУТУН ТҮЗҮҮНҮ ДЕМИЛГЕЛЕГЕН, ОКУП, ИШТЕЙМ ДЕП ЯПОНИЯГА БАРГАН БАШКА УЛУТТАГЫ ЖАРАНДАРДЫ ОКУТУП, ИШ ТААП БЕРҮҮ ҮЧҮН "РИЙЛЕЙШНШИП" КОМПАНИЯСЫНЫН БАШКЫ ДИРЕКТОРУ ТЕРАОКА ШЮНКИЧИ МЫРЗА МЕНЕН ЯПОН ТААНУУ ИНСТИТУТУНУН КАМКОРДУК КЕНЕШИНИН ӨКҮЛҮ ЕЦУХАШИ МИЧИНОРИ МЫРЗА КЕЛИП УНИВЕРСИТЕТТИН РЕКТОРУ, ПРОФЕССОР ТӨЛӨБЕК АБДЫРАХМАНОВ МЕНЕН ЖОЛУГУП, ИНСТИТУТТУН МЫНДАН АРКЫ ИШ АРАКЕТИ БОЮНЧА СҮЙЛӨШҮШТҮ. ЭСКЕ САЛА КЕТСЕК, И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН ЯПОН ТААНУУ ИНСТИТУТУНУН БАШКЫ ДИРЕКТОРУ АЙБЕК САМАРОВ. АЙБЕК АГАЙ ЯПОН ТИЛИНДЕ ТҮШ ЖООРУЙТ. Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КУУНУ БҮТҮРГӨН. ЯПОНИЯ ӨЛКӨСҮНӨ БАРЫП ОКУП КЕЛГЕН.



### Тераока Шюнкичи, "Рийлейшншип" компаниясынын башкы директору:

-Биздин И. Арабаев атындагы КМУга институт ачканыбыздын себеби, Кыргызстанда Япон мамлекетинин тилине, маданиятына кызыккан жаштар көп. Тилекке каршы акыркы учурда Япон тилин билген кыргыз жаштары азайып кеткен. Ошол себептен кыргыз жаштарына Япон тилин үйрөтөлү, Японияга барып окуп, иштеп келүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөлү деген максатта институтту түзгөнбүз. Өзүңөргө маалым болгондой, институттун түзүлгөнүнө үч жыл болду. Үч жыл аралыгында институт өзүнүн натыйжалуу иш-аракетин көргөзүп жатат.

Японияда И. Арабаев атындагы КМУда окуган студенттер башка студенттерден өтө айырмаланып турушат. Алар биринчиден япон тилин жакшы билгендиги менен, практиканы мыкты өздөштүрүп, окуусуна, иштесе ишине тактыгы менен өзгөчөлөнүшөт. Студенттердин мындай жөндөмдүү, билимдүү болушунун себеби, И. Арабаев атындагы КМУнун Япон таануу институтунда Япон өлкөсүнүн тилин, маданиятын жакшы билген мугалимдер иштеп, студенттерди жакшы окутушат. Ал эми студенттер туристтерди тейлөөчү жайларда, көбүнчө аэропорттордо, мейманканаларда практика өтөшөт. Анткени институтта туристтерди, мейманканаларга келген конокторду тейлөө боюнча атайын сабак өтүлөт. Институтту бүткөн бүтүрүүчүлөрдү каалаcа биз кийин Японияда иш менен камсыздоого аракет жасайбыз. Ал жакта жумушкерлер жетишсиз. Билимдүү кыргыз жаштарына иш таап берүүгө, Кыргызстан менен тыгыз кызматташууга биз дайым даярбыз. Учурдан пайдаланып И. Арабаев атындагы КМУнун жетекчилигине, ректор Төлөбек Абылович Абдырахмановго терең ыраазычылык билдирем. Биздин сунушту колдоп, Япон таануу институтун ачылышына чоң салым жана колдоо көрсөткөнү үчүн ыраазыбыз.









### Ецухаши Мичинори, Япон таануу институтун негиздөөчүлөрдүн бири:

-Кыргыз студенттери Япон таануу боюнча университетте окуп билим алганы менен Япония мамлекетинде барып иштеп кетүү мүмкүнчүлүгү аз болгондугуна байланыштуу окууну бүткүн студенттерди жумушка орноштуруу боюнча компания ачканбыз. Акыркы убактарда кыргыз жаштарынын арасында Япон тилин билген жаштар абдан азайып кеткен. Мына ушул себептерден улам И. Арабаев атындагы КМУнун жетекчилиги менен биргеликте үч жыл мурда Япон таануу институтун ачканбыз. Институттун шартты толук талапка жооп берет. Ачылганына болгону үч гана жыл болгону менен тапшырган студенттердин саны жыл сайын арбып жатат. Япония мамлекетине барып практикадан өткөн студенттердин саны да көбөйүүдө. Биздин компаниянын максаты алдыдагы 10 жыл аралыгында Япония мамлекетинде 10 миңдеген кыргыз жаштары иш менен камсыз болуп, жакшы жумуштарда эмгектенишсе, күн чыгыш өлкөсүндө иштеп, кыргыз мамлекетине өз салымдарын кошушса деген тилектебиз.

Буюрса университеттин Япон таануу институтун аяктаган, окуусун жакшы бүтүргөн студенттер келечекте ишсиз калышпайт деп ишендирип кеткибиз келет. Японияга барып айлык- маянасы жогору, жакшы жумуштарда иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Ачыгын айтканда кыргыз жаштары Японияга барып үйрөнө турчу нерселер абдан көп. Япондор да кыргыздардан көп нерсени үйрөнүп, үлгү алышса болот. Япон кыргыз кызматташтыгында И. Арабаев атындагы КМУнун алдындагы Япон таануу институтунун орду абдан чоң. Учурда эки өлкөнүн ортосунда билим берүү жаатында дагы көптөгөн алгылыктуу иштер аткарылып жаткандыгын баса белгилеп айткым келет.





### Айбек Самаров, И. Арабаев атындагы КМУнун Япон таануу институтунун директору:

И. Арабаев атындагы КМУнун Япон таануу институтунун түзүлгөнүнө үч жыл болду. Үч жыл аралыгында көптөгөн жакшы ийгиликтерге жетише алдык десем жаңылышпайм. Студенттер Японияга барып практикаларын өтөп келип жатышат. Институтубузда япон тилин жакшы билген, тажрыйбалуу мугалимдер эмгектенишет. Буюрса мугалимдердин санын дагы көбөйтсөкпү деген аракеттебиз. Институттун негизги өнөктөшү болгон, "Жапан стайл" компаниясы мугалимдерге кошумча айлык акы төлөп беришет. Ошондой эле "Рийлейшншип", "Жапан стайл", "IBS" компаниялары техникалык жабдуулар менен да камсыздап турушат. Андан тышкары алар Японияга 48 орундуу жатакана курушкан. И. Арабаев атындагы КМУдан барган студенттер ошол жатаканада жашап, практикаларын өтөшөт. Студенттердин тил билүүсүн текшерип туруш үчүн Япониядагы тестирлөөчү агенттик менен келишим түзгөнбүз. Алар ар бир эки ай сайын студенттердин тилди канчалык деңгээлде үйрөнгөндүгүн тест аркылуу текшерип турушат. Бир жылда алты ирет текшеришет. Кыргызстандагы башка жогорку окуу жайларында япон тилинде сабак алган студенттер тестти биздин институтка келип тапшырышат. Ал тесттин жыйынтыгы менен студенттер, япон тилин үйрөнгөн жарандар атайын сертификатка ээ болушат. Японияга барганда ошол сертификаттын негизинде ишке орношо алышат.

Жакында эле япон тарап менен дагы бир жакшы келишимге кол коюштук. Тактап айтканда, Тынч океан региондорундагы университеттерде окуган студенттердин мобилдүүлүгүн арттыруу үчүн түзүлгөн эл аралык уюм бар. Ал уюмдун курамына 35 мамлекеттен 570 университет кирген. Кыргызстандан биринчилерден болуп биздин И. Арабаев атындагы КМУ катталганын баса белгилеп айта кетүүм зарыл. Ал уюмдун сунушу менен быйылкы жылы университеттен 4 студент Японияга барып бекер, стипендия алып окуп келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгону жатышат. Мындан тышкары күн чыгыш өлкөсүндөгү "Осака туризм" университети менен дагы студенттерди биргеликте окутуу боюнча келишим түзгөнбүз. Учурда ал жака да студенттерди жиберүү боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатабыз.




МИРЛАН АЛЫМБАЕВ




# МОСКОВСКИЕ СТУДЕНТЫ В БИШКЕКЕ

Студенты Московского государственного лингвистического университета имени Мориса Тореза, факультета спец зарубежное религиоведение приехали в КГУ имени И. Арабаева по программе обмен студентов. На данный момент они получают образование и ознакамливаются с городом и достопримечательностями в Бишкеке.

**-Добро пожаловать в Кыргызстан, можете представиться?**

**-ЕЛИЗАВЕТА:** Я Борисенко Елизавета Алексеевна учусь в Москве родом из Крыма. Увлекаюсь и работаю в сфере журналистики. Мне нравится Бишкек.

**-КАМИЛА:** Жабелова Камила Исмаилова учусь на лингвиста на 2-курсе, родом из Болгарии

**-ИВАН:** Соловьев Иван Владиславович учусь в университете МГЛУ. Сам из города Солнечногорск в Подмосковье. Закончил два режиссерских курса. В Бишкеке мне очень нравится, здесь красивая природа и вкусная еда.

**-АННА:** Меня зовут Карпова Анна Владимировна, год назад нам ввели предмет кыргызский язык как второй иностранный язык. Мы все с удовольствием учим. После приезда в Бишкек еще с большим интересом начали понимать культуру и язык Кыргызстана.

**-Как вам удался этот шанс приехать в Кыргызстан по обмену студента?**

**- ЕЛИЗАВЕТА:** Мы единственные в ВУЗе и вообще в Москве кто учить кыргызский язык. В других университетах в основном делают упор на европейские языки, а нас так распределили именно на тюркские языки. Поэтому нам предложили практику в Бишкеке, и конечно же мы согласились. Потому что это очень интересно узнать другую культуру, другой народ. Это для нас был хороший шанс.

**-Ваше первое впечатление, когда приехали?**

**-ИВАН:** Первое чувство было как будто мы из России не уехали. В особенности нас очень порадовали добрые люди.

**-АННА:** Очень приятно было приехать из Московской суеты там еще на данный момент погода плохая, поэтому для нас было приятно что тут теплая погода.

**-ЕЛИЗАВЕТА:** Мне сразу бросились в глаза очень медленный ритм в жизни в Бишкеке, а там у нас обычно все спешат, бегут куда-то. Можно сказать что мы здесь отдыхаем от Москвы.

**-Какие отличия заметили именно в сфере образования в Москве и Кыргызстане?**

**-АННА:** У нас в Москве пары идут по другому у вас по 50 минут, а у нас по полтора часа одна пара. Это было для нас очень неожиданно.

**-ИВАН:** Также радуют подход учителей, потому что они стараются больше вести диалог со студентами и из-за этого приятно учиться. Еще к этому учителя все радостные и активные.

**-ЕЛИЗАВЕТА:** Преподаватели также подготовили для нас очень нужные материалы, эти материалы нам нужны для курсовой работы. Таких материалов у нас нет в учебниках России. Они также мотивируют нас на написания курсовых работ.

**-Чтобы вы посоветовали о нашей системе образования?**

**-ИВАН:** Единственное наверно это больше интерактивности или же какие нибудь презентации.

**- АННА:** От нашего университета нет много отличий в образовании. У нас также в поточных лекциях учитель читает лекцию и включает презентацию, а здесь мы учимся только четверо, и учителя нам уделяют внимания, и сейчас мы уже привыкаем к этому.

**-Изучая кыргызский язык какие особенности вы смогли увидеть ?**

**- ЕЛИЗАВЕТА:** Кыргызский язык очень тесно связано с историей. То есть очень много слов, которое исходить из существующих традиций и вот по ходу изучения языка мы начинаем понимать историю кыргызского народа традиции, культуру.

**- ВАНЯ:** А также нам немножко было трудно в разговорном, именно из диалектических слов южного и северного.

**- КАМИЛА:** Если было бы возможность мы еще раз приехали бы в Кыргызстан с удовольствием.

**КУНДУЗ ОСМОНОВА**











## В КГУ имени И.Арабаева прошла встреча с учеными из Германии

В КГУ имени И.Арабаева 17 апреля прошла встреча с учеными из Германии: профессором Генри Марком, профессором факультета Бизнеса и экономики Бременского университета - д-ром Ганс Дитрих Хаасисом, профессором университета Фрезениус - д-ром Мартином Креебом. Во встрече участвовала посол ФРГ в КР Моника Иверсен, заместитель посла ФРГ Ирья Берг, присутствовали ректор Т.Абдырахманов, декан ФЭТ Т.Чодураев, профессор А.Эргешев и др.

В своем выступлении г-жа Моника Иверсен отметила, что посещения того иного вуза всегда радует, поскольку в основном связаны с новыми проектами, а преподаватели своей ежедневной работой создают будущее своей страны. В Германии экологическая проблематика имеет большое значение и по зеленой экономике накоплен огромный опыт. Очень перспективное направление и для устойчивого развития Кыргызстана. Для реализация этих идей требуются огромные усилия многих людей, сказала она.

Профессора из Германии рассказали о совместной работе с кыргызскими коллегами, целях и задачах предстоящего проекта, отметили, что рады творческой командной работе, основывающейся на 2-х принципах: доверии и взаимном сотрудничестве.

В присутствии посла состоялось подписание Соглашения о создании кыргызского-германско-профессиональной школы в сфере менеджмента, что позволит в будущем готовить бакалавров, магистров, аспирантов, PhD в области экологии, биоэкономики, управлению социально-экономическими и природными процессами для устойчивого развития. После встречи в ресурсном центре профессора дали интервью телеканалу «ЭлТР» и газете «Кут-Билим».

КИТЕП-ЖАН ДҮЙНӨНҮН АЗЫГЫ...

*Гүлнара Жуманазарова, И. Арабаев атындагы КМУнун Чыгыш таануу жана Эл аралык мамилелер факультетинин №4 окуу залынын китепканачысы:*

# “Китепти планшетке алмаштыруу мүмкүн эмес”

**-Гүлнара Жуманазаровна, университетте окуп жаткан студенттердин китепке болгон кызыгуусу кандай? Китеп окуган студенттер көп элеби?**

-Эми ар кандай. Китепке кызыгып, китепти сүйүп окуган студенттер да бар. Китеп окубай, телефон тиктеген студенттер да көп. Мындан он жыл мурункуга караганда китеп окуган студенттердин саны азайды. Себеби интернет өнүгүп, бизге атаандаштык жаратты.

**-Студенттердин, окурмандардын китепке болгон кызыгуусун арттыруу үчүн кандай чараларды көрсө болот?**

- Балдардын китепке болгон кызыгуусун арттырууну мектеп курагынан эле башташ керек. Адабий китептер атайын сүрөттөр менен коштолуп чыгарылса дейм. Ошондой эле китептерди ар бир окурмандын жаш курагына ылайыкташ керек. Бала эс тарткандан баштап китептин баалуулугун үйрөнсө, ошондо китепке болгон кызыгуу пайда болмок.

**-Азыркы чыгып жаткан китептердин маани- мазмунуна кандай баа бересиз?**




-Маанисиз китептер да жазылып, басылып чыгып жатат. Пайдасыз китептер да көп. Пайдасыз китептер коомду деградацияга алып барат. Мурдагыдай китептердин мазмунун, маанисин, басылып чыгуу эрежелерин көзөмөлдөгөн орган жок. Китеп палатасынын талабына туура келген китептер чыкпай атат. Мына ушундай себептерден улам дагы элдин, жаштардын китепке болгон кызыгуусу төмөндөп баратат.

**-Жогоруда интернет жөнүндө айтып кеттиңиз, электрондук китептер менен кагаз китептердин айырмасы эмнеде?**

-Негизинен кагаз китептердин баалуулугун түшүнгөн адам гана билет. Мисалы, электрондук китептерди эртеден кечке чейин окуй албайбыз. Кечке эле экранды карап отуруп көзүң талып, ооруйт. Ден соолугуңа олуттуу зыян болушу толук мүмкүн. Ошондой эле бардык эле адамдардын интернетке акча төлөп, китеп окуу мүмкүнчүлүгү жок. Ал эми кагаз китептерди күнү- түнү кучактап окусак болот. Тажап кетсең, жаап коюп, кайра эс алган соң улантып окуй берсе болот. Кыскасы, китепти планшетке алмаштыруу мүмкүн эмес. Союз маалында Кыргызстандын эли дүйнөдөгү китепти эң көп окуган элдердин катарына кирген. Китепти көп окуган адам көптү билет, билимдүү болот. Мисалы азыркы маалда кытай эли китепти көп окушат экен. Алар китеп окуйбуз деп, китепканага барып үч саатка чейин кезек күтүшөөрүн уктум.

Маектешкен
**КУНДУЗ ОСМОНОВА**

АРАКЕТЧИЛ СТУДЕНТ

# ЭЛ УУЛУ ЭЛМИРБЕК ИМАНАЛИЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ СТУДЕНТТЕРГЕ ШЫК-ЖӨНДӨМ

АЗЫРКЫНЫН ЗАЛКАРЫ, ЭЛ УУЛУ ЭЛМИРБЕК ИМАНАЛИЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНА АЗЫНООЛАК КАЙРЫЛГЫМ КЕЛИП ТУРАТ. АДАБИЯТ АЙДЫҢЫНДА ЧОҢ-ЧОҢ ЗАЛКАРЛАРДЫН ИЗИЛДЕНБЕЙ, ЭЛ АЛДЫНА СУНУЛБАЙ ЖАТКАНЫ ӨКҮНҮЧТҮҮ ИШ БОЛГОНУ МЕНЕН, ЧЫНЫГЫ ЗАЛКАРДЫН, ЧЫНЫГЫ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК, АДАБИЯТ, КЕЛЕЧЕК МУУН ҮЧҮН ИЗ КАЛТЫРЫП КЕЛЕ ЖАТКАН ЭМГЕГИ, ЭЛМИРБЕК ИМАНАЛИЕВДЕЙ ИНСАНДАР АЙТЫЛБАЙ КАЛБАЙТ. ДЕГЕНИМ, КӨПТӨН БЕРИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН КЫЗЫГУУ МЕНЕН ОКУП, УГУП ЖҮРГӨНҮМ АКЫН ЖӨНҮНДӨ ЖЫЛУУ ПИКИР КАЛТЫРУУГА ТҮРТКҮ БОЛДУ.

Жалпысынан Элмирбек Иманалиевдин чыгармачылык даңгыр жолун үч топко бөлгүм келди. Айтыштары, поэзиясы жана кошоктору деп. Менимче, көп инсан бул пикиримди четке какпастыр... Себеби, эл алдына чыгып, айтышып келе жаткан айтыштары өзүнчө узун сабак болсо, эл арасында ободдуу ыр болуп ырдалып жүргөн ырлары, кайталангыс ободдору узун кеп. Ал эми, көпчүлүктүн суроосу менен айтып келе жаткан кошокторду да баа жеткис байлык. азыркы капиталисттик доордо жашап жаткан элдердин арасында Элмирбек Иманалиев элдик оозеки чыгармачылыктын данакери же карооолчусу десем да жаңылыштык болбос. Кыргыздын улуттук көз карашын, түшүнүгүн, ыр угуу маданиятын толугу менен өзүнө сиңирип алгандай сезим туудурат. Белгилүү төкмө акын Аалы Туткучев ал жөнүндө «Мен Элмирбекти бир китепке окшотом, жаңы эле окуп бүтсөң, дагы бир жагы ачылат»- дегендей. Залкар инсан жөнүндө кеп баштоо, бир эмес, миң түркүн китеп болуп жаркылдагансыйт.



Бул төкмө акындын айтыштары өзүнчө эле бир дастан. Ким менен, кандай жерде айтыш курбасын, өзүнүн адамдык бийиктигин, улуулугун сактап, айтыштын жазылбаган мыйзамына баш ийип, салт менен айтышат. Жаш чагында эле Казактын, Кыргыздын менмен деген төкмө акындары менен айтышса да, бир жеринде сөзгө чалынбаган, арданып алып-учпаган, сөздүн гүлүн терип ырдаган, айтчу оюн азил-тамашага чалып жамактаган, каадасы менен ыр дүйнөсүндө жашап келе жаткан мыкты төкмө акын. Казактын Даулеткерей акыны менен айтышканда, каршысындагы акын эки элдин ортосуна от жагып, акынга тишийип ырдап жатса да, акыл-эс менен ыр төгүп,

*«с» менен «ш»*
*болбосо, тили*
*бирге казагым,*
*Качан болсо,*
*бооруму тартып*
*жүргөн казагым.*
*Бир ныптасын*
*жүгүмдүн артып*
*жүргөн казагым»*

- деген сыяктуу асыл ойлорду төгүп жатса да, Казак акыны

*«Кызыл тил менен кагып алып*
*калканыңды,*
*Кагып алып калмасмын*
*калпагыңды»*

- деп кыргызга таандык Ала-Тоодой көрүнгөн ак калпагыбызга тийишип ырдап өттү. Ага Элмирбек баягы жүрүшүнөн жазбастан, акындарга тиешелүү улуу сапат менен

*«Кайра-кайра карайсың*
*калпагымды,*
*Ар качантан кийип жүргөн,*
*Бул дагы акылымды бийик*
*туткан.*
*Менин да ойлоп жүргөн*
*мартабамды,*
*Негедир калпагымдан бир*
*кептерди баштап коюп,*
*Керейим шалкаладың.*
*Анча-мынча бул жерде тууган*
*келсе,*
*Ардагыңдан ушундай бооруң*
*келсе,*
*Козгото бербесеңчи*
*шайтаныңды.*
*Сен эмес Кытай тартып, ала*
*алган эмес,*
*Башымда усу турган*
*калпагымды.»*

- деп Кыргыздын илгертен келе жаткан намысын сактап, бир кайрып өткөндө тарыхка кайрылып, эч убакта Кыргыздын улуттук баш кийими болгон калпакты жер жайнаган кытайлар да ала алган эместигин таасын айтып өттү. Ошондой эле дагы бир казак акыны Алик Бекбосумов менен айтышында да «калпакты» кыргыз туш келди адамдарга тартуу кылбайт экенин «Калпакты да көтөргөн баштар көтөрөт» деп улуттук баш кийимди тартуу кылуудан баш тартты. Жалпысынан бир эле айтышта эмес, Элмирбек бардык айтыштарында каршылашындагы акындын адамдык касиетине тийиштүү сөздөрдү эч качан айткан эмес.

Ошол жүрүшү менен айтыш башында кыргызды жоосу катары көрүп, теминип чыккан, бир кайрык менен кыргыз акынын жеңип алам деген кыязда күүлү чыккан Даулеткерей айтыштын акырында,

*«Ыстык көлдөн кеп жеткен*
*Элмирбектин,*
*Көңүлү Ыстык көлдөй ысык*
*экен.*
*Төкмө акын деп айткандай*
*сиздин элде,*
*Талантың тас кайрактай бал*
*экенсиң»*

- деп Элмирбектин талантына баа берип, анын адамгерчиликтүү ыр төккөн намысынын алдында баш ийип берди. Ушул сыңары көбүнчө айтыштарынын соңунда акындар анын талантына баа берип, «баш ийдим», же «утулдум» деген кыязда жогорудагыдай ойлорду калтырышкан. Чындап окуп бүткүс дастандын айтыштары эле узун сабак болчудай. Тереңдеп изилдөөгө киришкен болсок, айтыштарын эле жаш өзгөчөлүгүнө карап бөлүп алсак да болчудай. Себеби, акын 15-25 жаш ортосунда азил-тамашасы аралаш, чыныгы жаштык дем менен чыккан асыл ырларды төккөн болсо, 40ка чамалаган кезде элдин муң-кайгысын, көйгөйүн атайын уюштурулган айтыш кечелеринде айтып жетишип жатат. Дагы бир узак аңгеме болчу Казак акын кызы Айнур менен чыккан айтышы десек жаңылыштык болбос.

***(Уландысы бар)***

**Автор:** И.Арабаев атындагы КУУнун алдындагы Теологиялык колледждин кыргыз тили жана адабиятынын окутуучусу,
**КЕНЖЕБЕКОВА БУРУЛКАН**

ТАЛАНТТУУ ЖАНА КЫЗЫКТУУ СТУДЕНТ!..

*Нурзатбек Алымкул уулу, И. Арабаев атындагы КМУнун "Көркөм өнөр жана билим берүү" факультетинин студенти:*

# “Университеттеги окуткан агай- эжелериме ыраазымын, көп нерсени үйрөтүштү”

КОЛУНАН КӨӨРҮ ТӨГҮЛГӨН ТАЛАНТТУУ СТУДЕНТТЕРДИН БИРИ АЛЫМКУЛ УУЛУ НУРЗАТБЕК. КААРМАНЫБЫЗ УЧУРДА УНИВЕРСИТЕТИБИЗДЕГИ “КӨРКӨМ МАДАНИЯТ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ”- ФАКУЛЬТЕТИНДЕ 4-КУРСТА БИЛИМ АЛЫП ЖАТКАН УЧУРУ. НУРЗАТБЕК ОКУУДАН ТЫШКАРЫ, ТЕРИДЕН, ЖЫГАЧТАН КӨЗ ЖООСУН АЛГАН ТҮРДҮҮ БУЮМДАРДЫ ЖАСАП, КЫРГЫЗДЫН САЛТТУУ ЖАНА ЭТНО-МАДАНИЯТЫНЫН ӨНҮГҮШҮНӨ АЗ ДА БОЛСО ӨЗ САЛЫМЫН КОШУП ЖАТКАНЫН ЭСИҢИЗДЕРГЕ САЛА КЕТЕЛИ...



**- Нурзатбек мырза, алгач өзүңүздү тааныштырып кетсеңиз?**

-Мен Нарын облусунун Кочкор районуна караштуу Ак-Жар айылында төрөлүп, ошол эле айылдын Ак-Жар орто мектебин бүтүргөм. Учурда И. Арабаев атындагы КМУнун “Көркөм маданият жана билим берүү” факультетинде 4- курста билим алып жатам.

**- Көз жоосун алган ар түркүн буюмдарды жасап жүрөсүз. Чынын айтканда мындай буюмдарды жасоо ар бир эле кишинин колунан келе бербеси белгилүү. Сиз мындай өнөргө кантип эгедер болуп алгансыз?**







-Атам уста киши. Айылда, мен окуган мектепте кол эмгектен сабак берип, мугалим болуп иштейт. Атамдын устаканасында окуучулар жасаган ар түркүн түрдүү буюмдар көп. Бала чагыман ошол буюмдарды көрүп, таасирленип чоңойгом десем жаңылышпайм. Алгач 8- классымдан баштап ат жабдыктарын жасап баштагам. Терини ийлеп, булгаары, кайыш кылып, андан жүгөн, нокто, куюшкан жасап, камчы өрүп жүрдүм. Кийин мектепти аяктаар жылдары жыгачтан буюмдарды жасоого өттүм. Элибизде айтылат го, “өнөрдү баалап, багыш керек” деп. Анысы кандай өнөрдү багып аракет кылса эле өнөр өрчүй берет экен.

**- “Аккан арыктан суу агат” дегендей өнөр сизге атаңыздан өткөн турбайбы...**

- Ооба, жүз пайыз атамдан өткөн десем жаңылышпайм. Жасаган ишин мага көрсөтүп үйрөткөн атама ыраазымын. Атам: “баламдын дээринде бар экен, кол өнөрчүлүктү үйрөнүп алды” деп бир чети мактанса, бир чети мени менен сыймыктанып калат.

**- И. Арабаев атындагы КМУга чейин кол өнөрчүлүк боюнча лицейде билим алыптырсыз. Ошол тууралуу айта кетсеңиз?**

- Аскердик кызматымды өтөп келгенден кийин, 2012-жылы Бишкек шаарындагы №5 кесиптик лицейинде жыгаччылык, эмерек жасоо бөлүмүн аяктагам. Ал жерден негизи чоң эмеректерди жасоону окуткандыктан, станоктордун түрлөрү менен иштөөдө ар кандай ыкмаларды колдоно билүүнү, жана ошондой эле станок менен иштөө кооптуу болгондугуна байланыштуу коопсуздук чараларын алдын алууну окуп билип, бүтүргөм. Андан соң, “АДАЛ СТРОЙ” фирмасында иштеп баштап, ал жакта азыркы күнгө чейин эмеректерди жасап эмгектенем.

**- Эмерек жасасаңыз акчалуу, бай студент турбайсызбы?**

- Кудайга шүгүр. Акча деген табылат, кайра жок болот. Негизгиси өнөр да. Кудай берген талантты таптап, өрчүтүү керек.

**- И. Арабаев атындагы КМУга келип окуп калышыңызга эмне себеп болду эле?**

- Жогоруда өзүңүз “Аккан арыктан суу агат” деп суроо бергендей, атамдын жолун жолдоп, мен дагы кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү менен бирге мугалимдик кесипти аркалап, жаш муундарга билим берип, шыктандырсам деген ой менен И. Арабаев атындагы КМУга тапшыргам.

**- Быйыл мынакей төртүнчү курсту аяктап жатыптырсыз. Университеттен эмнелерди билип үйрөнө алдыңыз. Алган билимиңизге канааттанасызбы?**

- Албетте канааттанам. Жакшы сабак алдым. Көп нерсени үйрөндүм. Өнөрүмдүн өрчүшүнө университеттин, окуган факультетимдин салымы абдан зор. Окуткан агай-эжелериме өтө ыраазымын. Таазим кылам. Ал эми эмнелерди билип үйрөнгөнүм боюнча айтсам, териден, кийизден, форекстен жана ошондой эле жыгачтан, ар кандай сувенирлерди жасоону үйрөнө алдым. ”Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат” дегендей сайма саюуну, чий токууну да өздөштүрдүм. Биринчи курста окуп атканда университетте өткөн кол өнөрчүлүк боюнча кароо сынакта баш байгени алып, “Гран-прини” жеңип алгам. Экинчи курсумда факультеттер аралык сынакта биринчи орунду багындыргам.









**- Ушу кезге чейин эле бир топ буюм жасап коюптурсуз. Сизге жаккан, жүрөгүңүзгө жакын кайсыл буюмуңуз?**

- Жасаган иштеримдин баары эле өзүмө жагат, ошолордун ичинен эң эле жакыны апама берген сүрөт салгычым. Аны жыгачтан жасагам. Апам 40 жыл мектепте мугалим болуп иштеп, пенсияга чыккан. Аталган сүрөт салгычты апамдын пенсияга чыгышы менен куттуктап белек кылгам. Ал эми атама болсо быйыл камчы белек кылдым. Ал камчы дагы эмнегедир жүрөгүмө жакын болуп, жакшы жасагандай сезилди.

**- Азыркы тапта кандай буюмдарды жасап жатасыз?**

- Мугалимдер берген билимдин аркасы менен азыркы тапта ар түркүн буюмдарды жасоону өздөштүрүп, изденүүм кеңейди десем болот. Учурда колдонулбай калган буюмдарды көп жасап атам. Элибизде байыркы заманда түрдүү буюмдар болгон экен. Ошолордун көбүн жасоого аракет жасап, улуттук маданиятыбыздын өнүгүшүнө аз да болсо салымымды кошсом деген ойдо жүрөм. Андан тышка заманбап буюмдарды да оймой-чийме түшүрүп жасайм. Мисалы, сааттардын түрлөрүн, сандыкчаларды, брелокторду ж.б.

**- Ар бир инсан жасаган иши жакшы болсо, андан эргүү алаары белгилүү. Сиз ишиңизден кандай эргүү аласыз?**

- Ар бир ишимди дит коюп жасайм. Ошондуктанбы, иш кылып атканда убакыттын кандай өткөнүн билбей калам. Бир ишти баштап алганда бүтүргөнчө шашам. Чала өлүк кылып таштап салгым келбейт. Бирок сапаттуу жасоого аракет жасайм. Берилип иштеп атып күндүн кандай кеч кирип, таңдын кандай атканын билбей калган учурларым да болот. Жасаган ишиң көңүлгө толуп, жакшы болсо чарчаганың эч нерсеге татыбай калат.

**- Кол өнөрчүлүктөн тышкары дагы кандай талантка эгедерсиз?**

- Сүрөт тартам. Эски ырларды ырдоону жакшы көрөм. Бош күнүм болбойт. Убактымды туура пайдаланууга аракет жасайм. Окуудан кийин устаканада отуруп эмгектенем. Дагы убактым боло калса, “Адал строй” фирмасына барып иштей коём.

**- Алдыга койгон кандай асыл максаттарыңыз бар?**

- Алдыда тандап алган кесибимдин татыктуу ээси болуп, атамдын жолун уласам деген ой- тилегим зор. Мектеп окуучуларына ушул тармакта билим берип, кол өнөрчүлүктүн ар тараптуу жактарын өнүктүрүүгө өз салымымды кошсом деген максаттамын.

**- Кызыктуу маегиңиз үчүн чоң рахмат!**

Маектешкен **КУДАЙБЕРГЕН РАЙЫМКУЛОВ**

**БАШКЫ РЕДАКТОР:** Мирлан Алымбаев

**ЭЛЕКТРОНДУК ДАРЕК:** alimbaeff@mail.ru

**ДИЗАЙНЕР:** Кубат Абышов

**НУСКАСЫ:** 1000

**БУЙРУТМА:** 932

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**
Төлөбек Абдырахманов
Сыртбай Мусаев
Айчүрөк Калдыбаева
Шарапат Искендерова
Бакыт Мырзатаева

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган № 10170
Кол жазмалар кайтарылбайт жана рецензияланбайт.
Окурмандардын жарыялаган макалалары редакциянын көз карашын билдирбейт жана ага редакция жооп бербейт.

**ДАРЕГИ:**
Бишкек шаары
И. Раззаков көчөсү 49

**БАЙЛАНЫШ ТЕЛЕФОНУ:**
312 66 47 73, 0703 34-27-10

Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилди жана жасалганды. "ММКны колдоо боюнча борбор" фондунун басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Горький көчөсү-1б.

КУТТУКТОО



Берeги сүрөттөгү Бердалиева Гүльзат Шамшиевна. Гүльзат Шамшиевна менин бир тууган тайежем болот. Ал эми сүрөттөгү апа Гүлзат Шамшиевнанын апасы менин тайенем. Тейенем быйыл туура 80 жашка чыкты. Өтүп кеткен 17- май энелер күнү менен тайнемди жана тайежемди, ошондой эле апамды куттуктайм. Ден соолугунар бекем болсун! Биздин бактыбызга бар болгула, менин асыл адамдарым!

**КУНДУЗ ОСМОНОВА,**
И. Арабаев атындагы КМУнун Чыгыш таануу жана Эл аралык мамилелер факультетинин 3- курсунун студенти

# Жаз күнүнөн бир элес

*Жазгы көктөм, учуп-конуп көпөлөк,*
*Жан эргитет көңүл кушу көкөлөп.*
*Жаштыктын бир кайрыктары үн салат,*
*Жаңырыктап жан дүйнөдөн өчө элек.*

*Бак аралап басып келем жай гана,*
*Бачайыдай бажыраят айлана.*
*Бах, чиркин ай! Табийгаттын келбети,*
*Бар көркөмүн айлантkандай саймага.*

*Булбул сайрап, туш тараптан тил безеп,*
*Бул учур да өтөр көздү ирмесек.*
*Бүгүн бөлөк кыз-жигиттер кыналат,*
*Биз олтурчу бак түбүндө бир кезек.*

*Мезгил неге мынча күлүк арымың,*
*Моокум канбай өчүп барат жарыгың.*
*Мен өзүмдү күлгүн жигит сезсем да,*
*Маңдайдагы бырыш сенин салымың.*

*Көктөм жыты, көңүлүмдү наз кылды,*
*Көөдөндөгү өнөр туйлап азгырды.*
*Көп кечикпей бүгүн тапсам экен дейм*
*Көптөн бери издеп жүргөн жакшы ырды.*



# Жаз ирмеми

*Эшикте жаз жыттанат, көпкөк асман,*
*Эрке жел леп-леп согот батыш жактан.*
*Эч нерсе ойлонбостон калем шилтейм.*
*Элиртип ыр шыбырайт, мени жазсаң.*

*Тал-терек тармалданып бүрүн ачкан,*
*Термелет эрке желге сылап жаткан.*
*Токтолбой бир орунда учуп-конуп,*
*Таранчы чыйт-чыйт сайрайт жубун тапкан.*

*Жаз мезгил жан дүйнөмдү козгоп турат,*
*Жаныма дем-күч берип, коштоп турат.*
*Жаштыгым караан үзүп кетип жатып,*
*Жаз күнү бир кайрылып токтоп турат.*

*Сезилет бүгүн дүйнө жашаргандай,*
*Сезилет бүт айланам тазаргандай.*
*Сезимде окшоштурам жаздын көркүн,*
*Селкилер жолугууга жасангандай.*

*Өзүм да көңүл черим жазгым келет,*
*Көчөдө көңүл ачып баскым келет.*
*Болбосо көпөлөк кууп жаш балача.*
*Көктөмдө ырахатка баткым келет.*

*Туш тарап бүгүн көрктүү турам карап,*
*Тургансыйт көңүлүмдү кытыгылап.*
*Туш кылган толкуп ташкан бир сезимге*
*Ушул күн өтпөсөң ээ, атаганат!*

# АКЫЛМАНДАРДЫН АКЫЛ СӨЗДӨРҮНӨН

Окуучуга мектептеги эң маанилүү кубулуш, эң үлгү болоорлук сабак, эң жандуу мисал бул – мугалим.

**(А. Дистервег)**

Ким эскини алпештеп, жаңыны андап билсе, андай адам, мугалим боло алат.

**(Конфуций)**

Биз кимден билим алсак, алар биздин окутуучубуз атына ээ, бирок үйрөткөндүн бардыгы окутуучу атынын баркына жете бербейт.

**(И. Гете)**

Жакшы мугалим болуу үчүн, окуткан сабакты жана окуучуну сүйүү зарыл.

**(В.Ключевский)**

Мектеп мугалимдери, ушундай бийликке ээ болуп, премьер-министрлердин андай бийлик кыялында гана болот.

**(У. Черчилль)**

Мугалим бул – оор нерселерди оңой кылуучу адам.

**(Р. Эмерсон)**

КАТ КУРЖУН...



# АПАКЕ, САГЫНДЫМ СИЗДИ...

Мен Куранбаева Алтын Туактаевна. Түркмөнстандан болом. 1. 09. 2018- жылы Кыргызстандын борбор калаасы Бишкек шаарындагы И. Арабаев атындагы КМУдан “окууга өттүң”- деген чакыруу кагазы келген. Ошондогу сүйүнүчтү менден сурабаңыз. Мен эле эмес, катты көргөндө атам, апам, агам да өтө кубанган. 21. 09. 2018- жылы мен алыскы Түркмөнстандан Кыргызстанды көздөй сапар алдым. Самолётто келе жатып Кыргызстанда кантип окуйм, кыргыз тилин кантип үйрөнөм деп аябай коркком. Келип эле университеттин жатаканасынан орун алып, түркмөн кыздар менен бирге жашап калдым. Түркмөн улутундагы студенттерден мен эле болсом керек деген ой менен келгем. Бирок менден башка дагы студенттер көп экен. Алар менен бирге жашап жүрүп, бирок эмнегедир кыргыз кыздар менен жашоону туура көрдүм. Кыргыз кыздар менен жашасам кыргыз тилин да бат үйрөнөөрүмдү билдим. Ошентип түркмөн кыздардан бөлүнүп, кыргыз кыздар менен жашап баштадым. Алар менен “кел- ал” болуп сүйлөшүп атып, ойлогондой эле кыргыз тилин бат өздөштүрдүм. Азыр Кудайга шүгүр, кыргыз тилинде эркин сүйлөйм. Кыргызча текс жазып, кыргызча окуйм. Билимди болсо Физика-матиматика факультетинде алып жатам. Буюрса келечекте физик- матиматик мугалими болуп чыгам. Мага Кыргызстандан окуган аябай жакты. Бишкек аябай кооз шаар, эли мейман дос. Окууга өткөрүп, менин окуу акымды төлөп жаткан апама аябай ыраазымын. Аз күн мурун жандай көргөн алтын апамдын туулган күнү болуп өттү. Апамды туулган күнү менен чын жүрөгүмдөн куттуктайм. Апа, Сизди аябай сагындым. Буюрса барам. Менин окуум жакшы. Экзамендеримди ийгиликтүү тапшырдым. Учурдан пайдаланып мага кеп- кеңешин айтып жол көрсөткөн кураторум Нурзат Асанбекова эжеге дагы гезит аркылуу ыраазычылыгымды билдирем. Эже мени өз кызындай көрүп, дайыма кароосуна алып калкалап келет, жардамын эч аябайт. Апаке, сагындым Сизди...

**КУРАНБАЕВА АЛТЫН ТУАКТАЕВНА,**
И. Арабаев атындагы КМУнун студенти